DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2023

*Мамытова К.К.*

# БЮДЖЕТТЕШТИРҮҮ: ИШКАНАНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУДАГЫ МААНИСИ, МАКСАТЫ, МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ПРИНЦИПТЕРИ

*Мамытова К.К.*

# БЮДЖЕТИРОВАНИЕ: ЗНАЧЕНИЕ, ЦЕЛЬ, ЗАДАЧИ И ПРИНЦИПЫ В ПОВЫШЕНИИ ЭФФЕКТИВНОСТИ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРЕДПРИЯТИЯ

*K. Mamytova*

# BUDGETING: THE IMPORTANCE, PURPOSE, OBJECTIVES AND PRINCIPLES IN IMPROVING THE EFFICIENCY OF THE ENTERPRISE

*УДК: 338.984*

*Ишкананын аткара турган иш-аракеттеринин планын так иштеп чыгууга, кирешелер менен чыгымдарды туура баалоого, күтүлбөстүктөрдү, аныксыздыктарды жана тобокелчиликтерди азайтууга, максаттарга жетүү жана белгиленген маселелерди чечүү үчүн ресурстарды натыйжалуу колдонууга жана көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген башкаруу ыкмасы катары бюджеттештирүүнүн мааниси жана ролу жогору. Бул азыркы атаандаштыктын күчөшү жана инновациялардын активдүү өнүгүшү шарттарында ишкананы өнүктүрүүдө бюджеттештирүүнүн маанисин изилдөө жана маанилүүлүгүн негиздөө зарылдыгын шарттайт. Макаланын максатын ишканалардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун механизми катары бюджеттештирүү системасын киийрүү зарылдыгын негиздөө түздү. Анда ишкананын өнүгүүсүндөгү бюджеттештирүүнүн же бюджет иштеп чыгуунун мааниси жана орду изилденип, бюджеттештирүүнүн аныктамасы чечмеленди, бюджеттердин түрлөрү, максаты жана маселелери, бюджет түзүүнүн принциптери жана удаалаштыгы ачып көрсөтүлдү, бюджеттештирүүнүн башкаруу системасындагы чечүүчү ролу негизделип, ишканаларды башкаруунун натыйжалуу системасы катары бюджеттештирүүнү киийрүү сунуш кылынды.*

***Негизги сөздөр:** ишкана, пландаштыруу, бюджет, бюджеттештирүү, бюджеттин түрлөрү, бюджеттештирүүнүн принциптери, бюджеттештирүүнүн этаптары.*

*Роль и значение бюджетирования как метода управления, позволяющего разработать точный план действий предприятия, оценить будущие доходы и расходы, минимизировать неожиданности, неопределенности и риски, эффективно использовать и контролировать ресурсы для достижения целей и решения намеченных задач высоко. Это обуславливает необходимость исследования актуальности и значения бюджетирования в современных условиях усиления конкуренции и активного развития инноваций и обоснования его значения в развитии предприятия. Цель статьи заключается в обосновании необходимости внедрения системы бюджетирования ака механизма повышения эффективности деятельности предприятия. В ней исследованы значение и роль бюджетирования или разработки бюджетов в развитии предприятия, дана интерпретация понятия бюджетирования, раскрыты виды, цель и значение бюджетирования, принципы и последовательность составления бюджетов, обоснавана решающая роль бюджетирования в системе управления и предложено внедрение бюджетирования как эффективной системы управления предприятиями.*

***Ключевые слова:** предприятие, планирование, бюджет, бюджетирование, виды бюджетов, принципы бюджетирования, этапы бюджетирования.*

*The role and importance of budgeting as a management method that allows you to develop an accurate plan of action for an enterprise, assess future income and expenses, minimize surprises, uncertainties and risks, effectively use and control resources to achieve goals and achieve your goals. This necessitates a study of the relevance and importance of budgeting in modern conditions of increased competition and active development of innovations and substantiation of its importance in the development of an enterprise. The purpose of the article is to justify the need to introduce a budgeting system as a mechanism to improve the efficiency of an enterprise. It explores the significance and role of budgeting or budgeting in the development of an enterprise, gives an interpretation of the concept of budgeting, reveals the types, purpose and significance of budgeting, the principles and sequence of budgeting, substantiates the decisive role of budgeting in the management system and proposes the introduction of budgeting as an effective enterprise management system.*

***Key words**: enterprise, planning, budget, budgeting, types of budgets, budgeting principles, budgeting stages.*

Башкаруу эсебинин натыйжалуу элементи катары бюджеттештирүү системасы өнүккөн өлкөлөрдө ийгиликтүү колдонулуп келе жаткан менен Кыргыз Республикасынын ишканаларында анча өнүккөн эмес, анын айрым гана фрагменттери колдонулуп, бул башкаруу технологиясына жетишерлик маани берилбей келет. Бюджеттештирүү системасын киийрүү зарылдыгы каржылоо жана акча каражаттарынын келип түшүшү, аткаруу мөөнөттөрү, чыгымдарды үнөмдөө сыяктуу чечүүчү учурлар боюнча пландаштыруу жана көзөмөлдөө зарылдыгы менен шартталган.

Бюджеттештирүү ишкананы каржылык башкаруу системасынын негизги элементтеринин бири болуп саналып, бюджеттик процессти пландоо жана көзөмөлдөө ишмердүүлүгү, бюджеттерди иштеп чыгуу, кабыл алуу жана аткаруу процедурасы катары чечмеленет. Ал ишканада жүргүзүлгөн операциялар пайдага, зыянга же зыянсыздыкка алып келерин алдынала аныктоого мүмкүндүк берет. Андыктан азыркы атаандаштыктын күчөшү, рыноктук аныксыздык жана инновациялардын өнүгүшү шарттарында бюджеттештирүүнүн ишкананы өнүктүрүүдөгү зарыл процесс деп эсептейбиз.

Бюджеттештирүүнүн маанисине келсек, бюджет түзүү, бюджеттик процессти пландаштыруу боюнча ишмердүүлүк бюджеттештирүү деп аталат. Анын пландаштыруудан айырмасы анда финансылык жоопкерчилик да каралат.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Негизи бюджет деп акчанын келип түшүүлөрү (кирешелери) менен чыгып кетүүлөрүнүн (чыгымдардын) сандык туюнтулушу аталат [1]. Ал эми бюджеттештирүү деп К. Друри узак мөөнөттүк пландаштырууну жакынкы мезгилге (жылга) трансформациялоо процессин атаган [2]. Айрым окумуштуулар бюджет ке каржылык жоопкерчилик борборунун же айрым бир функционалдык областтын белгилүү убакытка ишмердүүлүгүн сүрөттөгөн, нарктык жана/же натуралдык көрсөткүчтө туюнтулган документ катары аныктама берген [3].

Ар кандай аныктамаларды карап чыгып, бюджеттештирүүгө бюджеттик башкаруу же ишкананы бюджеттердин жардамында башкаруунун жолго коюлган системасы деп аныктама берүүгө болот. Бюджеттик башкаруунун артыкчылыгы - анын демократия принцибине негизделишинде, ага ылайык чечимдер бюджеттик комитетте, коллегиалдуу түрдө кабыл алынат, чечимди бир адам эмес, менеджерлердин тобу кабыл алышат.

Эл аралык тажрыйбада бюджеттештирүүнүн нөлдүк база менен бюджеттештирүү, натыйжага багытталган бюджеттештирүү, “Пландаштыруу – Программалоо - Бюджеттештирүү” системасы” ж.б. ыкмалары колдонулат. Нөлдүк база менен бюджеттештирүү деп мурунку мезгилдердеги бюджеттердин фактылык маанилери эске алынбаган бюджеттик пландаштыруу ыкмасы аталат. Анда бюджеттер үчүн негиз катары сатуулардын прогнозу, чыгымдардын технологиялык нормативдери жана экономикалык эсептөөлөр колдонулат. Натыйжага багытталган бюджеттештирүү – бул чыгымдарды пландоо күтүлүүчү натыйжалар менен түздөн-түз байланышта ишке ашырыла турган бюджетти даярдоо жана аткаруу методологиясы. «Пландаштыруу-программалоо-бюджеттештирүү системасы же программалык-максаттуу бюджеттештирүү деп узак мөөнөттүк пландаштырууда бюджеттик ресурстардын оптималдуу бөлүштүрүлүшүн камсыз кылуу системасы аталат [4].

Ишканаларда операциялык бюджеттердин төмөнкү түрлөрү даярдалат:

– сатуулардын бюджети (сатуулардын пландык көлөмү, продукциялардын ар бир түрү боюнча);

– өндүрүштүн бюджети (өндүрүштүн пландык көлөмү);

– материалдардын жана чийки заттын түз чыгымдарынын бюджети;

– эмгектин түз чыгымдарынын бюджети;

– өзгөрмөлүү кошумча чыгымдардын бюджети;

– чийки заттын, даяр продукциянын запасынын бюджети;

– башкаруу жана сатуу чыгымдарынын бюджети (туруктуу чыгымдарды прогноздук баалоо).

Бардык бюджеттер башкы (жалпы) бюджетке топтоштурулат. Ал талкууланып, бекитилет жана аткарылат.

Бюджетттештирүүнүн түрүнө карабастан, анын максаты ишкананын ишмердүүлүгүн ресурстар менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу болуп саналат, ал үчүн чарбалык операцияларды пландаштыруу, бардык бөлүмдөрдүн ишин жана алардын өз ара аракеттешүүсүн жөндөө, кызматкерлерди натыйжалуулукту жогорулатууга шыктандыруу талап кылынат [2]. Бюджеттештирүү ишкананын каржы ресурстарын туура пландоо жана натыйжалуу пайдаланылышын көзөмөлдөө, каржы мамилелерин түзүү, кирешени көбөйтүү маселелерин чечет. Бюджеттештирүүнүн негизги маселелери схема түрүндө 1-сүрөттө чагылдырылды.




**1-сүрөт.** Бюджеттештирүүнүн негизги маселелери.

***Булагы:*** автор тарабынан түзүлдү.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Бюджет түзүүнүн тартиби жана ыкмалары экономиканын секторуна: корпоративдик сектор, мамлекеттик сектор же үй чарбалар сектору ж.б. жараша айырмаланып, алардын ар биринин бюджетинин өзгөчөлүктөрү бар. Анткен менен тармактык белгисине, менчиктин түрүнө карабастан, бюджеттештирүү төмөнкү удаалаштыкта жүргүзүлөт:

- бюджеттештирүү процессине жоопту кызматкерлерди дайындоо;
- продукция чыгарууга таасирин тийгизген факторлорду аныктоо;
- сатуунун бюджетин даярдоо жана бекитүү;
- ишкананын бюджетинин ар түрдүү варианттарын баштапкы даярдоо;
- ишкананын бюджетин жетекчилик менен талкуулоо;
- ишкананын бюджетин координациялоо жана талдоо;
- бюджетти бекитүү;
- бюджетти аткарылгандан кийинки талдоо.

Ишканада бюджеттиштирүү процесси негизги 3 этаптан: пландоо, эсепке алуу жана көзөмөлдөөдөн турат, алар ишкананын стратегиялык максаттарына (ишкананын чыгымдарын азайтуу, кирешесин көбөйтүү, рыноктук баасын жана финансылык туруктуулугун жогорулатуу) жетүүгө багытталат (2-сүрөт).




**2-сүрөт.** Бюджеттештирүү процессинин этаптары.

***Булагы:*** автор тарабынан түзүлдү.

Жалпылап айтканда, бюджеттештирүү ишкананын ишмердүүлүгүн анын стратегиялык максаттарын эске алуу менен пландаштырууну, конкреттүү көйгөйлөрүн аныктоону жана аларды жоюу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууну көздөйт.


Бюджеттерди иштеп чыгууда каталарды болтурбоо же мүмкүн болушунча азайтуу максатында кармануу зарыл болгон эрежелер же принциптер жалпылаштырылып, төмөнкү схемада берилди (3-сүрөт).

Демек, бюджет түзүүдө үзгүлтүксүздүк, ийкемдүүлүк, ачык-айкындуулук, деталдаштыруу, жоопкерчиликтерди бөлүштүрүү принциптери сакталууга тийиш.

Бюджеттештирүүнүн натыйжалуу системасын кийирүүнүн зарыл шарттары катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: тармактын спецификасын эске алуу, усулдук базанын болушу, бюджеттерди иштеп чыгуунун принциптерин сактоо, маалыматтык камсыздоо, бюджеттештирүүнү автоматташтыруу [2,5,6].

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557






**3-сүрөт.** Бюджет түзүүнүн принциптери.

***Булагы*:** автор тарабынан түзүлдү.

Бюджеттештирүүнүн натыйжалуулугун арттыруу үчүн бул процесси автоматташтыруу, атайын программаларда же Excel таблицаларда жүргүзүү максатка ылайык. Жетекчилерди (менеджерлерди) бюджет түзүүгө окутуу зарыл деп эсептейбиз.

Жыйынтыктап айтканда, бюджеттештирүү системасын кийирүү ишкананын ресурстарынын оптималдуу өлчөмүн кармоого жана туура бөлүштүрүүгө, реалдуу прогноздорду түзүүгө, башкаруу чечимдерин ыкчам кабыл алууга, бөлүмдөр менен менеджерлердин макулдашып иштешине шарт түзөт жана эң башкысы – ишкананын экономикалык ишмердүүлүгү ачык-айкын болуп, күтүлбөгөн чыгымдардан корголот жана рентабелдүүлүк жогорулайт.

**Адабияттар:**

1. Аткинсон Э.А., Банкер Р.Д., Каплан Р.С., Янг М.С. Управленческий учёт. - М., 2005. - Б. 654. - 874 с.
2. Друри К. Управленческий и производственный учёт. Вводный курс. - М., 2016. - Б. 401-410, 422-423. - 735.
3. Панов М.М. Постановка системы бюджетного управления или три координаты бизнеса: БДР, БДДС, ББЛ. - М.: Инфра-М, 2014. - 304 с.
4. https://ru.wikipedia.org/wiki/Бюджет
5. Шеремет А.Д., Николаева О.Е., Полякова С.И. Управленческий учет: учебник. – 4-е изд., перераб и доп. М.: ИНФРА-М, 2009. - С. 80-86.
6. Лепендина Е.В., Безрукова Т.Л. Бюджетирование в управленческом учете компании: сущность, значение, порядок разработки бюджета. // Научное обозрение. Экономические науки. - 2022. - № 1. - С. 17-21.